Кырг Д
К-58

Турар Кожомбердиев

# Коңуз чегилген чана

«Көлчүктөгү ай»

8-китеп



Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич, предыдущ. выдач ______

)

урар Кожомбердиевдин «Көлчүктөгү ай» аттуу балдарга арналган
болуп саналат. Акындын "Көлчүктөгү ай" китеби 1961-жылы жаңы
а башкача жаңылык жана чоң ачылыш жаратканы менен эсте
эли Турарды тубаса акын, нукура талант деп тааный баштаган.
ы тарбиялык мааниси өтө зор жана пайдалуу экенин мезгил
дын суроосу менен 1977-жылы «Көлчүктөгү ай» экинчи жолу
дашы, калемдеши Анатай Өмүркановдун айтымында, Турар
Кожомбердиев ушул алгачкы китеби аркылуу эле кыргыз адабиятына дүйнөгө балдардын көзү менен караган, баланын психологиясын кылдат өздөштүргөн акын келгенин көрсөткөн: *«Турар поэзияга үйрөнчүк болуп келген жок. Келгенде эле кыргыз поэзиясынын катуу жабылып калган каалгасын шарт ачып, тиш каккан чеберлер отурчу секиге чыгып отурду. Секи ага, ал секиге жарашты. Көз ачып көргөн «Көлчүктөгү ай» кыргыз балдар поэзиясынын туу чокусунда Чолпон жылдыз болуп, түбөлүккө жаркырап калды. Чындыгын айтканда, Турарга чейинки кыргыз балдар поэзиясы «Торпогум», «Мышыгым» деген өтө жөнөкөй деңгээлде эле. «Көлчүктөгү ай» балдардын балалык кулк-мүнөз, ой-кыялын таасын чагылдырууда мурда кыргыздын бир да акыны көрбөгөн нерселерди көрүп, аны кемелине келтиргендиги менен поэзия сүйүүчүлөрүнүн жан дүйнөсүнө булук салды, таң калтырды, жаңылык алып келди».*

Турар Кожомбердиевдин чыгармаларынын арасынан эң алгачкы «Көлчүктөгү ай» китебин акындын 75 жылдык маарекесине карата балдарга тартуулоо азыркы мезгилдин талабы деп ойлойм. Анткени китеп дүкөндөрүндө кыргыз тилинде жаш балдарга арналып жазылган сапаттуу китептер жокко эсе. Ошол себептен мен, атам - Турар Кожомбердиевдин китептеринин арасынан "Көлчүктөгү ай" китебин биринчи жаңыча чыгарууну туура көрдүм. "Көлчүктөгү ай" китебинин бул жаңы басылышында акындын ар бир ырына ылайыкташтырылып образдуу тартылган жаңы сүрөттөр пайдаланылды. Ал эми кызыктуу ырларды коштогон көркөм сүрөттөр китептин көлөмүн да ээлерин эске алсак, бул жолу "Көлчүктөгү ай" тогуз сериядан турган китепчеге айланды.

Балдар, бул китеп силерге да бардык жагынан кызыктуу жана баалуу көркөм дөөлөт болуп калат деп ишенем. Андыктан алдыда силер менен кызыктуу жолугушууларга чейин саламатта болгула.

Бул китептердин басылып чыгышына көмөк көрсөтүп, жардам берген инсандарга да терең ыраазычылык билдирем.

***Китептин түзүүчүсү - Кожомбердиева Нургуль Тураровна***

К4803300200-16

ISBN 978-9967-472-50-1

УДК 821,51-93
ББК 84 Ки 7-5
© Кожомбердиев Т., 2017

Кырг
К-

Турар Кожомбердиев

# Коңуз чегилген чана

## "КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ"

8-китеп



ОШСКАЯ
областная детская
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 256228

# КОҢУЗ ЧЕГИЛГЕН ЧАНА

Коңуз чегип чанага,
Жөнөп калдым талаага.

Салып алып балдарды,
Салып алып чалдарды.

Коңуз учту зырылдап,
Шамал жетпей дырылдап...

Сен да келсең, садага!
Салып алам чанага.



# КОЁНЕК

Чуркайт биздин коёнек
Кулактары сереңдеп.
Карап турам күнүгө
Капустаны белендеп
Көлөкөсүн көргөндө
Корко берет элеңдеп.



# КАНАТБЕКТИН СУРООСУ

-Ия, апаке, эмнеликтен чымчыктай
Учалбаймын көтөрүлүп абада?
Учуп барсак Маскөөдөгү байкеме
Канат бүтсө сага дагы, мага да.

-Жакшы окусаң – илим берет канатты.
Карачы, уулум, тигил асман тарапты.
-Ушул маалда дүңгүрөтүп асманды
Самолёттор учуп кетип баратты.



## ТАҢДА

Таң нуру жерди бөлөдү.
Таң нуру шаттык төрөдү.
Эмгектин шаңын эрке жел
Таскактап коштоп жөнөдү.

Аркайган зоолор көрүндү.
Теребел шаңга чөмүлдү.
Бойтойгон гүлдүн мойнунан
Шүүдүрүм мөлт-мөлт төгүлдү...



# БИЗДИН КАСЫМ АЗАМАТ


Суугa алмасын агызып,
Жашын тып-тып тамызып
Ыйлап жатса Албанбек
Агып кетти алмам деп.

Көрчү күлүк Касымды,
Аарчыгын деп жашыңды.
Кармап келсе алмасын,
Ал ыйлабай басылды.



## АЗАТ ЫЙЛАЙТ

– Ай, апаке, эмнеге
Азат ыйлайт шолоктоп?
– Эшке кеткен тил албай
Жылаңайлак колоктоп.
Чөңөр кирип бутуна
Араң келди сороктоп.



A

# ЖАЛКООНУН ТИЛЕГИ


Жүрөгүмө майдай тийди
ызалык,
Күндө чыгам сабак билбей
кызарып.
Кулактарым шыбырды тез
угууга,
Кетсе боло бир метрдей
узарып.



# ТАРМАЛ КОЗУМ

Тармал жондуу козума
Конфет салам оозуна,
Таттуу экен дебестен,
Башын чайкайт жебестен.

Бетегени көргөндө
Эки көзү жайнады.
Бергениме кубанып,
Бырсылдата чайнады.



мл 4/3
...ош ная
...ластная детская
БИБЛИОТЕКА
инв. № 256228

# КӨЛ

Көбүк чачкан буурадай
Көл толкундап күрүлдөп
Күн нуруна чагылып,
Толкундары күлүңдөп...

Тынчый калат аздан соң,
Чоң энедей балбырап.
Көлөкөсү булуттун
Кошо сүзөт салбырап.

Шамал жүрсө тийишип,
Ачуулана калат да,
Чоң атамдай беттерин
Бырыштырат заматта...



**Турар Кожомбердиев**
**"КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ"**
**8-китеп**

# Коңуз чегилген чана

**Бөбөктөр жана кенже балдар үчүн**
**Ырлар**

**Мазмуну:**

КОҢУЗ ЧЕГИЛГЕН ЧАНА..........2-3

КОЁНЕК..........4-5

КАНАТБЕКТИН СУРООСУ..........6-7

ТАҢДА..........8-9

БИЗДИН КАСЫМ АЗАМАТ..........10-11

АЗАТ ЫЙЛАЙТ..........12-13

ЖАЛКООНУН ТИЛЕГИ..........14-15


ТАРМАЛ КОЗУМ..........16-17

КӨЛ..........18-19


Басмага даярдаган: Кожомбердиева Нургуль
Сүрөтчүсү: Исраилова Динара
Компьютердик дизайн: Лазаренко Георгий


Кагаз форматы: 84х55 1\16, 1.5 фпл.
Нускасы 1000 экз.
"ГОЗНАК" ЖЧКсында басылды.
720054 Бишкек ш., Интергельпо көчөсү, 1.


100с



Турар Кожомбердиев
Беке, Меке, Кеке
жана мүйүздүү теке
«Көлчүктөгү ай»
1-китеп



Турар Кожомбердиев
Кетик тиш бөбөгүм


Турар Кожомбердиев
Биздин күчүк Кумалак



Турар Кожомбердиев
Жалакай Жантай
«Көлчүктөгү ай»
4-китеп


Турар Кожомбердиев
Көлчүктөгү ай
«Көлчүктөгү ай»
5-китеп


Турар Кожомбердиев
Тентек улак
«Көлчүктөгү ай»
6-китеп


Турар Кожомбердиев
Сугалак мышык
«Көлчүктөгү ай»
7-китеп


Турар Кожомбердиев
Коңуз
чегилген чана
«Көлчүктөгү ай»
8-китеп


Турар Кожомбердиев
Тамаша
«Көлчүктөгү ай»
9-китеп